**Исакбаева Зинат Турдубековнанын 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Ч. Айтматовдун романдарыщдагы көркөм аксиология» аттуу диссертациясына илимий жетекчинин**

# П И К И Р И

**Диссертациянын темасы актуалдуу** экендиги анык. Анткени изилдөөдө түрү да, масштабы да башка маданий феномендер - аксиология жана залкар сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдары жуурулуштура каралган. Аксиологиялык кубулуштарды жана Ч. Айтматовдун романдарын эриш-аркак жуурулуштура талдоо аркылуу **изилдөөнүн актуалдуулугу** камсыз кылынган. Анткени, улуу жазуучунун романдарын мына ушул аспектиде эч ким тутумдуу жана комплекстүү изилдөөгө алууга батына элек.

**Изилдөөнүн негизги** жоболору **жаңычылдыкка** ээ деп айтууга болот. Алсак, методологиялык өңүттөн алганда изилдөөдө Чыңгыз Айтматовдун романдарына карата алгач ирет аксиологиялык мамиле колдонулуп жатат, Тарыхый-адабий өңүттөн алсак. бул романдардагы борбордук каармандардын дөөлөттүк мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясынын дөөлеттүк мазмунун жаңыча түшүнүүгө жол берет. Өшентип, изденүүчү Ч. Айтматовдун романдарына карата жаңыча көз карашты, изилдөөнүн жаңыча методологиясын сунуштайт. Бул аракет колдоого арзыйт.

**Диссертациянын негизги натыйжалары** катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таанууда изилденүүсү терең талдангаы; Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын дөөлөттүк өңүгтө изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты болуп бере алары, анткеки залкар сүрөткердин чыгармаларында - аңгемелеринде, повесттеринде, романдарында, драмаларында, макала-маектеринде чоң

аксиологиялык дарамет, мазмун камтылып турары ачылган; калемгердин романдары толук өлчөмдө дөөлөттүк изилдөөнүн объектиси менен предмети болуп бере алары, себеби аларда адам турмушундагы маанилүү дөөлөттөр камтылып, алардын жашоодогу ролу ачылганы иликтенген; улуу жазуучунун романдарын дөөлөттүк изилдөө үчүн азыркы адабият таануудагы аксиологиялык методологиянын жол-жоболору колдонулган; изилдөөгө алынган романдар көркөмдүк-аксиологиялык мазмунга, дөөлөттүк табиятка ээ экени, себеби аларда адам турмушунун баалуулуктук аспектилери терең ачылганы далилденген; романдардын борбордук кейипкерлери өз турмуш жолунда дөөлөттүк эволюцияны баштан кечиришери жана курч катарсис кырдаалына кабылышары, бул жагдай алардын дөөлөттүк өнүгүү динамикасын таасын ачары көрсөтүлгөн; романдарды дөөлөттүк өңүттө изилдөө үчүн жетиштүү теориялык-методологиялык негиздер бардыгы, изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы толук өлчөмдө аксиологиялык параметрлерге негизделери аныкталган. Изденүүчү келген негизги жыйынтыктар диссертацияда алдыга коюлган максаттарга толугу менен дал келет. Анын корутундулары ынанымдуу, ишеничтүү, логикалуу. Илимий жыйынтыктары теориялык да, практикалык да баалуулукка ээ.

Изденүүчүнүн жекече **салымы** жөнүндө айтсак, ал темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоого алган, аларды табигый жуурулуштурган, ушунун натыйжасында жеке өзүнө таандык илимий тыянактарды жасаган. Диссертант изилдөөнүн структурасын КР ЖАКнын инструкциясына ылайыктап уюштурган.

Изилдөөдө олуттуу теориялык-методологиялык кемчиликтер жок. Анын ар бир главасы өзүнүн милдетин орундатууга багышталган.

**Илимий жетекчи, филология илимдеринин кандидаты,**

**профессордун милдетин аткаруучу** А. С. Жаитаев